***ТИЛ ИЛИМИ***

***ЛИНГВИСТИКА***

***LINGUISTICS***

***DOI:10.26104/NNTIK.2022.32.63.069***

***Ботобекова Д.У.***

## ҮНДҮҮЛӨРДҮН ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ

***Ботобекова Д.У.***

## ИСТОРИЯ ИЗУЧЕНИЯ ГЛАСНЫХ

***D. Botobekova***

## HISTORY OF THE STUDY OF VOWELS

*УДК: 811.51*

*Бул макалада кыргыз жана бардык түрк тилдеринин тыбыштык өзгөчөлүктөрү жана үндүүлөрдүн келип чыгуу тарыхы баяндалат. Кыргыз тилинин тыбыштык системасы 20-30-жылдарда гана ырааттуу түрдө иликтөөгө алына баштаган. Бул тууралуу алгачкы маалымат 1911-жылы Уфа шаарында жарык көргөн Арабаев менен Сарсекеевдин кыргыз жана казак балдарына арналып жазылган «Алиппе же төтө жазуу» аттуу китебинде берилген. Үндүүлөр менен үнсүздөрдүн негизги айырмачылыгын булардын муун түзүүдөгү ролуна жараша аныктоого болот. Ар бир муундун өзөгүндө үндүү тыбыш турат, ал эми үнсүздөр болсо буга кошумча бөлүк катары гана катышат. Үндүүлөрдү айтканыбызда, өпкөдөн кекиртек аркылуу фонациялык абанын (сүйлөө убагында чыккан абанын) агымы ооз көңдөйүндө тоскоолдукка учурабай эркин агылып чыгат. Бул тыбыштардын жалаң үндүн катышуусу менен жасалышынын башкы себеби мына ушунда.*

***Негизги сөздөр:*** *туюк, тизмек, муун, созулма, тилдер, тыбыш, үндүү, жазма, тамга, мүчө.*

*В этой статье рассказывается об особенностях гласных и истории происхождения гласных в кыргызском и всех тюркских языках. Только в 20-30-х годах звуковая система кыргызского языка начала последовательно изучаться. Первая информация об этом была опубликована в 1911 году в книге Арабаева и Сарсекеева «Алиппе жана төтө жазуу», предназначенной для кыргызских и казахских детей. Основное различие между гласными и согласными можно определить в зависимости от их роли в формировании слога. В основе каждого слога лежит гласный звук, а согласные участвуют только в качестве дополнительной части. Когда мы говорим гласные, поток фонативного воздуха (воздуха, выходящего во время речи) из легких через гортань будет свободно течь в ротовой полости, не перекрывая ее. Это основная причина, по которой эти звуки создаются с участием только звука.*

***Ключевые слова:*** *закрытый, слагать, слог, долгий, языки, звук, гласный, письменный, буква, окончание.*

*This article describes the features of vowels and the history of the origin of vowels in kyrgyz and all turkic languages. It was only in the 20-30s that the sound system of the kyrgyz language began to be studied consistently. The first information about this was published in 1911 in the book by Arabaev and Sarsekeev "Alippe zhana tot zhazuu", intended for kyrgyz and kazakh children. The main difference between vowels and consonants can be determined depending on their role in the formation of a syllable. Each syllable is based on a vowel sound, and consonants participate only as an additional part. When we say vowels, the flow of phonative air (air coming out during speech) from the lungs through the larynx will flow freely into the oral cavity without blocking it. This is the main reason why these sounds are created with the participation of sound alone.*

***Key words:*** *closed, compose, syllable, long, languages, sound, vowel, written, letter, ending.*

Кыргыз жана башка бардык түрк тилдеринин тыбыштык өзгөчөлүктөрү байыртадан баштап эле окумуштуулардын назарын өзүнө буруп келет. Буга мисал кылып XI кылымдын экинчи жарымында жазылган Кашкарлык Махмуддун «Түрк тилинин сөздүк жыйнагы» аттуу эстелигин келтирүүгө болот. Эстеликте түрк сөздөрү муун санына карай бир муундуу, эки муунду жана көп муундуу сөздөр деп бөлүштүрүлсө, түрк тилдери үндөштүктүн сакталышына карай таза тилдер жана аралашма тилдер деп бөлүштүрүлгөн. XIX к. соңунан баштап Жетисуу чөлкөмүн, анын ичинде кыргыз жергесин каратып алгандан кийин орус окумуштууларынын кыргыз ж.б. түрк тилдерине болгон кызыгуусу артат. Буга чейин кыргыз жана казак тилдеринин фонетикалык өзгөчөлүгүнө байланыштуу Радловдун, Ильминскийдин эмгектери жарык көрөт. Бирок кыргыз тилинин тыбыштык системасы 20-30-жылдарда гана ырааттуу түрдө иликтөөгө алына баштайт. Бул жагынан алгачкы маалымат 1911-жыл Уфа шаарында жарык көргөн Арабаев менен Сарсекеевдин кыргыз жана казак балдарына арналып жазылган «Алиппе же төтө жазуу» аттуу китебинде берилген. Бирок анда тилдеги тыбыштардын бөлүнүшүн иштеп чыгуу максаты көздөлбөстөн, ал тыбыштарды жазууга үйрөтүү аркылуу балдардын кат-сабатын жоюу максаты көздөлгөн.

Кыргыз тилинин фонетикасы жөнүндөгү илимий жактан тастыкталган кеңири маалымат. К.Тыныстановдун калемине таандык. Тактап айтканда, К.Тыныстановдун «Эне тилибиз» (1926-29), «Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин жаңы долбоору» (1934), «Кыргыз тилинин морфологиясы» (1934), «Кыргыз

адабий тилинин орфографиясынын эрежелери» (1936) аттуу эмгектеринде тилибиздеги тыбыштар үндүү жана үнсүз деп эки чоң топко бөлүп каралган. Булардын ичинен үндүү тыбыштар созулма жана кыска, жоон жана ичке, эрин жана ачык, кең жана кууш деп дагы сегиз топко бөлүнгөн. Үнсүздөр болсо өз кезеги менен уччул, түпчүл, орточул, артчыл, жарылма, жылчыкчыл, каткалаң, жумшак, уяң үнсүз деп өзүнчө топторго түркүмдөштүрүлгөн. Кыргыз фонетикасынын өнүгүшүнүн кийинки этаптарында К.Тыныстановдун жогорудагы табылгалары менен илимий жоболору бир катар жагынан такталса да, негизинен алар өзгөрүүсүз сакталган. Демек, ушунун өзү эле К.Тыныстановдун илимий мурастарында эне тилдин тыбыштык табияты так жана дээрлик кенен ачып көрсөтүлгөндүгүн кабарлайт.

Экинчи жагынан К.Тыныстановдун мурастарынын илимий жактан бийик деңгээлге көтөрүлгөндүгү XX кылымдагы тил теориясынын негиздөөчүлөрүнүн бири болгон Е.Д. Паливановдун пикиринен ачык байкоого болот. Анын пикири боюнча, К.Тыныстанов батыш окумуштуулары менен бир учурда жана алардан көз карандысыз кыргыз жана түрк тилдеринин морфонология теориясын негиздеген.

Ошентип, кыргыз фонетикасы бүгүнкү күндө кыргыз тил илиминин дээрлик кенен жана терең изилденген бөлүмү деп табылат.

Дүйнөдөгү бардык тилдер сыяктуу кыргыз тилиндеги тыбыштар да үндүү жана үнсүз тыбыштар деп эки чоң топко бөлүнөт. Илимий эмгектерде үндүүлөрдүн тобу вокализм, үнсүздөрдүн тобу консонантизм деп аталат. Булар латынча vokalis – «үндүү» жана consonantis – «үнсүз» деген сөздөрдөн алынган лингвистикалык терминдерден болуп саналат.

Үндүүлөр менен үнсүздөрдүн негизги айырмачылыгын булардын муун түзүүдөгү ролуна жараша аныктоого болот. Ар бир муундун өзөгүндө үндүү тыбыш турат, ал эми үнсүздөр болсо буга кошумча бөлүк катары гана катышат.

Үндүүлөрдү айтканыбызда, өпкөдөн кекиртек аркылуу өтүүчү фонациялык абанын (сүйлөө убагында чыккан абанын) агымы ооз көңдөйүндө тоскоолдукка учурабай, эркин агылып чыгат. Бул тыбыштардын жалаң үндүн катышуусу менен жасалышынын башкы себеби мына ушунда. Сүйлөө органдарынын тоскоолдугуна учурабай, абанын агымы оодон эркин чыккан үчүн үндүү тыбыштарды обондотуп созуп айтууга да болот. Үндүүлөрдүн ар кандай түрү ооздун ачылып турган абалында жасалат.

Белгилүү орус окумуштуусу И.А. Бодуэн де Куртенэ үндүүлөр менен үнсүздөрдү артикуляциялык жактан айырмалай турган төмөнкүдөй белгилерди айрыкча бөлүп атайт. Үндүүлөрдүн жасалышында бардык сүйлөө органдары чыңалуу абалында болуп турат, бул учурда резонатордук милдет аткаруучу ооз көңдөйү менен алкымдын беттери да чыңалат.

Үндүү жана үнсүз тыбыштар тилдин маанилүү бирдиги болгон сөздөрдүн түзүлүшүндө бирдей катышып, бирдей кызмат аткарат. Бирок кеп процессинде үндүүлөр үнсүздөргө караганда салмактуураак орунду ээлейт. Мисалы, сейрек болсо да а байламтасы, а!, о!, э! сыяктуу сырдык сөздөр үндүү тыбыштардан гана жасалат. Кептик агымда үндүү тыбыштар үнсүздөргө көбүрөөк таасир этет. Булар, албетте, үндүүлөрдүн үндөн жасалары, үнгө байлыгы менен байланыштуу.

Өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы ооз көңдөйүндө эч кандай тоскоолдукка учурабай, үн түйүндөрүнүн дирилдешинен пайда болгон тыбыштар үндүү тыбыштар деп аталат. Кыргыз адабий тилде 14 үндүү фонема бар: *а, э (е), о, ө, ы, и, у, ү, аа, ээ, оо, өө, уу, үү.* Аларды туюндуруу үчүн алфавитте 8 тамга кабыл алынган. Созулма үндүүлөр кыска тамгалардын экиден кайталанып жазылышы аркылуу берилет.

Үндүү тыбыштар алардын жасалышында активдүү катышкан тилдин, жаактын, эриндин абалына жана үндүн созулушуна карай төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:

Тилдин горизонталдык абалына карай:

а) тил алды же ичке үндүүлөр: *и, э, ээ, ө, өө, ү, үү.* Тил алга жүткүнүп, учу астыңкы тиш бүйлөсүнө тийип жасалат;

б) тил арты же жоон үндүүлөр: *а, аа, у, уу, о, оо, ы.* Тил артка тартылып, учу тиш бүйлөсүнө тийбейт.

2. Тилдин вертикалдык абалына жана жаакка карай:

а) кууш үндүүлөр: *и, ы, у, уу, ү, үү.* Тил таңдайга карай жогору көтөрүлөт жана жаак кууш абалда болот;

б) жарым кууш үндүүлөр: *э, ээ, о, оо, ө, өө.* Тил таңдайга карай бир аз көтөрүлөт, ал эми жаак орточо ачылат;

в) кең үндүүлөр: *а, аа*. Тил жогору карай анча көтөрүлбөйт, жаак кең ачылат.

3. Эриндин абалына карай:

а) эринчил үндүүлөр: *о, оо, ө, өө, у, уу, ү, үү.* Эрин чормоюп, активдүү катышат;

б) эринсиз үндүүлөр: *а, аа, э, ээ, и, ы.*

4.Үндүн созулушуна карай:

а) кыска үндүүлөр: *а, о, ө, у, и, ы, э;*

б) созулма үндүүлөр: *аа, оо, өө, уу, үү, ээ.*

Үндүү тыбыштарды өз ара А. Жалилов ушундайча бөлүштүргөн [Жалилов А. 1996, 55-58-бб.].

Үндүүлөрдү система катары бир бүтүмдүккө бириктирип, аларды бири-биринен жана үнсүз тыбыштардан айырмалап турган белгилер үндүүлөрдүн ажыратуу белгилери деп аталат. Демек, үндүүлөрдүн ажыратуу белгилери, биринчиден, бир үндүүнү экин-

чи бир үндүүдөн айырмаласа, экинчиден, бардык үндүү тыбыштарды үнсүз тыбыштардан айырмалайт.

Үндүүлөрдүн ажыратуу белгилери кыргыз жана башка бардык түрк тилдери үчүн, негизинен, жалпылыкты түзөт. Булардын ортосундагы айырмачылык көмөкөйчүл (фарингалдуу) үндүүлөрдү камтыган жалгыз гана тува тилине мүнөздүү.

Белгилүү болгондой, азыркы кыргыз адабий тилибизде үндүүлөрдүн курамы 8 кыска жана 6 созулма үндүүнү камтыйт. Алар төмөнкүлөр:

1) кыска үндүүлөр: *а,е,о,ө,ы,и,у,ү;*

2) созулма үндүүлөр: *аа, ээ, оо, өө, уу, үү.*

Ошентип, жогорудагы 14 үндүүнү бири-биринен айырмалоо үчүн төрт ажыратуу белги колодонулат.

Бул белги сапаттык эмес, сандык мүнөзгө ээ. Тактап айтканда, ал үндүүлөрдүн курамын созулма жана кыска үндүүлөр деген эки топко бөлөт да, бул эки топ бири-биринен созулуп же кыска айтылышы жагынан гана айырмаланат. Созулма жана кыска үндүүлөрдүн калган акустикалык жана артикуляциялык касиеттери толугу менен бири-бирине дал келет. Эксперименттик фонетикада көрсөтүлгөндөй, созулма үндүү өзүнүн кыска түгөйүнө караганда болжол менен эки-үч эсеге чейин созулуп айтылат.

Созулма үндүүлөр көпчүлүк окумуштуулар тарабынан бир тыбыш катары каралса, айрым окумуштуулар тарабынан тыбыштык айкаш катары каралат. Булардын ичинен түркологияда калыпташкан салттуу көз караш созулма үндүүлөрдү бир тыбыш (фонема) деп карайт да, ал төмөнкүдөй чакан түгөйлөр менен далилденет:

| | |
|---|---|
| сат | саат |
| эк | ээк |
| жон | жоон |
| өн | өөн |
| ук | уук |
| жүн | жүүн. |

Созулма үндүүлөрдү тыбыштык айкаш деп караган экинчи көз караште төмөнкү фактылар жетекчиликке алынат:

1. Түрк тилдериндеги созулма үндүүлөр (а) үндүү менен үнсүздүн айкашынан же (б) эки үндүүнүн ортосундагы үнсүздүн түшүп калышынан пайда болгон:

| | |
|---|---|
| (а) tağ > too | (б) sağat > saat |
| suğ> suu | oğul> uul. |

2. Кыргыз тилинде к тыбышы менен бүткөн бир муундуу сөздөрдөн кийин барыш жөндөмөнүн башкы үнсүзү төмөнкү эреженин негизинде колдонулат:

(а) бир муундуу сөздөн кийин барыш жөндөмөнүн башкы үнсүзү сакталып айтылат:

бак + га > бакка
так + га > такка
жак + га > жакка,

(б) эки же көп муундуу сөздөн кийин барыш жөндөмөнүн башкы үнсүзү түшүрүлүп айтылат:

бычак + га > бычака
тарак + га > тарака
терек + га > тереке
жүрөк + га > жүрөкө,

(в) созулма үндүү менен келген бир муундуу сөздөн кийин барыш жөндөмөнүн башкы үнсүзү түшүрүлүп айтылат:

тоок + га > тооко
суук + га > суука
жаак + га > жаака
жээк + га > жээке.

Көрүнүп тургандай, жогорудагы бир муундуу сөздөр «бир муундуу» экендигине карабастан эки муундуу сөздүн эрежесине баш ийди. Ошол эле маалда сөздүн муун саны үндүүлөрдүн саны менен аныкталары бештен белгилүү. Демек, мындан биз созулма үндүүлөрдү бир тыбыш эмес, бир тыбыштын эки жолку айкашы деп бүтүм чыгарууга тийишпиз.

3. Кыргыз жана башка түрк тилдериндеги аркылуу мамиленин *-т* мүчөсү бир эмес, көп муундуу этиштен кийин келет:

майла + т > майлат
ыйла + т > ыйлат
сыла + т > сылат
чыла + т > чылат
ышта + т > ыштат.

Бирок созулма үндүү менен келген бир муундуу сөздөн кийин демейки эреже жол берген аркылуу мамиленин *-дыр* мүчөсү эмес, *-т* мүчөсү уланат:

жуун + т > жуунт
суур + т > суурт
муун + т > муунт.

Демек, бул учурда да созулма үндүүлөр өздөрүн бир тыбыш эмес, бир тыбыштын катар келген айкашы катары көрсөтөт.

Ошентип, фонологиялык жактан алып караганда тилибиздеги созулма үндүүлөрдү бир тыбыш эмес, тыбыштык айкаш деп кароого толук негиз бар. Бул болсо созулма үндүүлөрдү жазууда бир тамга менен эмес, эки тамга менен белгилөөгө жол берген кыргыз графикасынын эрежелери теориялык жактан туура түзүлгөндүгүн далилдейт деп Т. Садыков өз эмгегинде баса белгилеп өткөн [Т.Садыков 2006, 25-31-бб.].

Ал эми Эсенкул Абдулдаев болсо созулма үндүүлөрдүн пайда болушу жөнүндө төмөндөкүдөй ой-пикирин тастыктаган. Байыркы кыргыз тилинде азыркыдай созулма үндүүлөр колдонулган эмес. Ошондуктан азыркы кыргыз тилинде созулма үндүүлөр аркылуу колдонулуп жүргөн сөздөр байыр кезде кыска үндүү менен айтылып келген. Биз колдонуп жүргөн созулмалар кыргыз тилинин эски доорунда үнсүз тыбыштардын үндүүгө айланып өнүгүшүнө же үндүүлөрдүн арасындагы кээ бир үнсүз тыбыштардын жоюю-

луп кетишине байланыштуу келип чыккан. Маселен, байыркы түрк тидеринде *таг, йоган, элиг, саг* деп айтылган болсо, азыркы кыргыз тилинде бул сөздөрдүн *тоо, жоон, элүү, саа (уй саа)* түрүндө созулма үндүүлөр аркылуу айтылып калышы мына ушундай тарыхый өзгөрүүнүн натыйжасы болуп саналат. Демек, азыркы кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөр кийин пайда болгон тыбыштык кубулуштарга жатат. Созулмалардын пайда болушу менен кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштардын саны көбөйгөн.

Жогоркудай созулма үндүүлөрдүн орду мурда кыска үндүүлөргө туура келгендигин аныктоо үчүн эски жазма төмөнкүдөй фактыларын өз ара салыштырып көрсөк болот:

| **Орхон Енисей эстеликтеринде:** | **Азыркы кыргыз тилинде:** |
|---|---|
| Огул, оглан | Уул |
| Йеген | Жээн |
| Багыр | Боор |
| Агыр | Оор |
| Йоган | Жоон |
| Улуг | Улуу |
| Эрклиг | Эрктүү |
| Бирегү | Бирөө |
| Үчегү | Үчөө |

Кыргыз тилиндегидей созулма үндүүлөр азыркы алтай, хакас, тува ж.б. түрк тилдеринде (мисалы, өзбек, уйгур ж.б. тилдерде) бул өңдүү созулма үндүү тыбыштар колдонулбайт. Ошондуктан ал тилдерде биздеги созулма үндүүлөр менен айтылып жүргөн сөздөр кыска үндүүлөр менен гана айтылат. Муну төмөнкүдөй салыштыруу ачык көрсөтөт:

кыргызча – уул, ооз, жаак, жоон
өзбекче – угил, огиз, чакак, йугон
уйгурча – огул, агиз, янак, йоган
түркмөнчө – огул, агыз, яңак, ёгын

Созулма үндүүлөр кыргыз тилиндеги араб-иран сөздөрүндө да кеңири колдонулат. Мындай сөздөр өзүнүн түп нускадагы тыбыштык формасын өзгөртүп, кыргыз тилинде созулма үндүүлөр аркылуу айтылып калгандыгын төмөнкүдөй салыштыруу аркылуу аныкташка болот:

| | |
|---|---|
| Аалам - галәм (ар) | маалымат - маглумат (ар) |
| Баа - бәһа (ир) | мани - мәгән (ар) |
| Даам - тә′м (ар) | мээнет - меһнәт (ир) |
| Даана - данә(ир) | мөөр - мөһр (ар) |
| Доо - дәгва (ар) | саат - сагәт (ар) |
| Доор - доур (ар) | соода - соуда′ (ир) |
| Жамаат - джэмагэт (ар) | соодагер - соудагэр |
| Заар - зәһин (ар) | таалим - тәглим (ар) |
| Коом - кәум (ар) | шаар - шәһәр (ир) |
| Маалим - маглум (ар) | шоола - шуглә (ар). |

Ошентип, Эсенкул Абдулдаев өзбек, уйгур, түркмөн, араб жана иран сөздөрүндө биздеги созулма үндүүлөр менен айтылып жүргөн сөздөр кыска үндүүлөр менен гана айтыларын жалпы жонунан тастыктап өттү [Э. Абдулдаев, 1998, 27-40-бб.]. Ал эми кыргыз адабий тилинин грамматикасында созулма үндүүлөргө төмөндөгүдөй мүнөздөмө берилет.

Созулма үндүүлөр созулуп айтылат. Алар созулуп айтылышы боюнча кыска үндүүлөргө карама-каршы, мындайча айтканда, кийинкилеринин сан жагынан узартылган түрү болуп эсептелет. Созулма үндүүлөр фонемалык касиетке ээ, сөздөрдүн маани жагынан ажыратып жибере алышат.

**Адабияттар:**


1. Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили. Фонетика, орфоэпия, графика, орфография, фразеология. – Бишкек: Кыргызстан, 1998.
2. Ахматов Т.К., Мукамбаев Ж. Азыркы кыргыз тили. Фонетика, лексика. - Ф.: Мектеп, 1978.
3. Ахматов Т.К., Өмүралиева С. Кыргыз тили. - Ф., 1990.
4. Дыйканов К. Кыргыз тили: фонетика, лексика. - Ф., 1992.
5. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы: фонетика жана морфология. - Ф.: Илим, 1980.
6. Кыргыз тили: энциклопедия. - Б., 2004.
7. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1-том. - Бишкек, 2004.